# Анализ

## С.Жоошбаев атындагы Баш – Карасуу жалпы билим берүү орто мектеби

### 2019- 2020 – 2021-2022 – окуу жылдарындагы ата – энелердин анкеталарына анализ.

2019- 2020 жылындагы чогулуштарда ата- энелер сурамжылоо , анкеталар жүргүзүлдү. Ата – энелер анкеталарда видео камера , окуу китептери, интерактивдүү доска , түстүү принтер , лаборотория ,ТСО, спорт зал , окуучулардын катыш маселелерин ,окуучулардын окуу формасы , интерактивдүү доска,кружоктор, предметтик компетенттүүлүк тууралуу маселелер каралды.

Бул маселелерди карап чыгып ,чогулуштарда кайра карап , окуучулардын сабакка катышы ,формасына көзөмөл кылуу ата – энелерге милдеттендирилип, мектеп администрациясы тарабынан спорт залдын потологун жылуулатуусун көзөмөлгө алуу жагы ,окуу китептери ,ТСО материалдар менен камсыздоо жагын мойнуна алды.

Ошондой эле Агахан фондусу менен иштөөнү , интерактивдүү доска , түстүү принтерлерди алуу үчүн алгылыктуу иш алып барууну колго алды жана ишке ашыруу жагы мектеп администрациясына , көзөмөлчүлүк кеңештин мүчөлөрүнө милдеттендирилген .
2020- 2021- окуу жылында ата – энелерден алынган анкеталарды карап чыгып , негизги маселе катары видео камера орнотуу , окуучулук форма ,интерактивдүү доска , түстүү принтер , лаборотория тууралуу маселелер көйгөйлүү деп белгиленген.

Бул маселелер чогулуштарда каралып , мектеп окуучулары үчүн бирдиктүү форма катары үстү ак ,асты кара ата- энелердин макулдугу менен кабыл алынган 2020- 2021 окуу жылынын ичинде Мектеп администрациясы, көзөмөлчүлүк кеңештин мүчөлөрү , ата – энелер жана коомчулуктун биргелешкен иштеринин негизинде , Агахан фонду менен алгылыктуу иш алаып баруунун негизинде мектепке 10 стол.20 стул , 6 шкаф,1 проектор, книжный стеллаж алынган Мектеп окуучулары үчүн лабороториялык класстарды ачуу маселеси көйгөй катары 2021- 2022 – окуу жылынын иш планына киргизилген . Мектеп окуучулары үчүн лаборотория ачуу үчүн көзөмөлчүлүк кеңештин мүчөлөрүнө жүктөлгөн.

Окуучулардын телефон менен көп убакыт өткөрүүсү окуучулардын сабакка болгон кызыгуусун жоготууда. Ата – энелер балдардын сабактан тышкаркы убактарына көзөмөл кылуу жагын колго алууну мойнуна алышты.Окуу үчүн керектелүүчү шарттарды түзүп берүүлөрүнө милдеттеништи.

Мектеп директору Кулматова Дж.К.